**«Бекитилди»**
ККТТИжЭКнын педагогикалык
кеңешмесинде № 1
Матосмонов Ж.Дж.
20 08 20__-жыл

Контрактык негизде окуган муктаж студенттердин окуу төлөмдөрүнөн бошотуунун

**ЖОБОСУ**

**Контрактык негизде окуган студенттерге жеңилдик берүү тартиби**

Ар бир окуу жылынын башында, эгер зарыл болуп калса семестр башталаар алдында, сынактык сессиянын жыйынтыгынын негизинде, педагогикалык кеңеш карап чыгып, андан кийин туура келүүчү иш кагазадары бар болсо сунуш даярдалат.

Контрактын негизде окуган студент сессиянын жыйынтыгы жана педагогикалык кеңешменин чечими менен контрактык сумманын төлөмүнөн студентке төмөнкүдөй жеңилдиктер каралсын:

1. Контрактык негизде окуган студент жетим болсо, окуудагы жетишүүсүнө карабай. 100% контрактын суммасынан бошотулуусу тийиш.
2. Эгерде студент же. студенттин ата-энеси майып болсо:

а) эгерде ал «эң жакшы» деген баага окуса, анда ал студент контрактын суммасынан 50% бошотулат.

б) эгерде ал «эң жакшы» жана «жакшы» деген баага окуса, анда ал 25% контрактын суммасынан бошотулат.

в) эгерде ал «канатаандыраарлык» жана «жакшы» деген баага окуса, анда 15% контрактын суммасынан бошотулат.

3. Республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү, өткөн же болуп жаткан окуу жылында, тиешелүү иш кагаздары жана дипломдун копиясынын тиркемеси менен берилсе:

I орун -50%
II орун – 40%
III орун -25% контрактын суммасынан бошотулат.

4. а) эгерде студент жалаң «эң жакшы» жана «жакшы» деген бааларга окуса, ата-энесинин бирөөсү жок болсо, үй-бүлөсүндө материалдык жактан өтө оор болсо, бул студент 25% контрактын суммасынан бошотулат.

б) эгерде студент «жакшы» жана «канатаандыраарлык» деген бааларга окуса, бул студент 15% контрактын суммасынан бошотулат.

5. Колледждин окутуучуларынын жана кызматчыларынын балдары контрактык негизде окуса, контрактык сумманы төлөөдө төмөнкүдөй учурларда жеңилдик алышат:

а) эгерде кызматчы 3 жылга чейин иштесе, анын баласы колледждин студенти болсо, (окуу формасынын кайсы түрү болсо да) 15% контракттын суммасынан бошотулат.

б) эгерде кызматчы 3 жылдан ашык иштесе, анын баласы колледждин студенти болсо. 30 % контракттын суммасынан бошотулат.

в) эгерде кызматчы 10 жылдан ашык иштесе 50% контрактын суммасына бошотулат.

г) эгерде кызматкердин жолдошунун бирөөсү каза болгон болсо, же жалгыз бой эне болсо. анын баласы колледждин студенти болсо 75% контракттын суммасынан бошотулат.

6. Эгерде студент Афган согушунун, Баткен окуясынын (1999-2000-2022-жж.). Чернобыль АЭСинин катышуучусу боолсо (окуунун кайсы түрү болсо да) 50% контрактын суммасынан бошотулат.

7. Эгерде колледждин кызматчысы 3 жылдан ашык иштесе, өзү колледждин студенти болсо 50 % контрактын суммасынан бошотулат.

8. Окуунун мыктылары аттестациядан ийгиликтүү өтсө 25% контрактын суммасына бошотулат.

9. Өзгөчө кырдаалдарда, педагогикалык кеңеш кезексиз жыйын өткөрүп студенттин арызы кароого, чечим чыгарууга укуктуу.

Т. Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык, инновация жана экономика колледжини студенттери педагогикалык кеңештин жана мүдүрдүн буйругу, сынактык сессияны жыйынтыгы менен контрактык суммадан окуу жылынын ичинде бошотулат (бир жылда эк жолу).

Керектүү иш кагаздары педагогикалык кеңешменин катчысы тарабынан даярдалат педагогикалык кеңешменин жыйынында кароого сунушталат.

Жеңилдик талап кылган студент семестр же окуу жылы аятагандан кийин, керектүү иш кагаздарын педагогикалык жыйындын катчысына берүүсү керек.

*Керектелуучу иш кагаздарынын тизмеси:*

1. Мүдүрдүн атына арыз.
2. Тайпа жетекчисинин өтүнүчү (ходатайства).
3. Майыптыгы тууралуу иш кагазы .
4. Өлгөндүгү тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү (атасынын же энесинин).
5. Зачеттук китепченин көчүрмөсү.
6. Олимпиада жеңүүчүсүнүн дипломү же дипломунун көчүрмөсү.